**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ТОҢ РАЙОНУ**
**АК-ТЕРЕК АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОНСКИЙ РАЙОН**
**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**АК-ТЕРЕК**

---

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын XI кезектеги сессиясы**

# ТОКТОМ

2026-жылдын 4-февралы №154 Кара-Коо айылы

## Ак-Терек айыл аймагына караштуу Коңур-Өлөң айылынын "Ат-Жайлоо" айылдык ичүүчү суу керектөөчүлөрдүн коомдук бирикмесинин (труба) суу түтүктөрү жарактан чыгып калган үчүн 2026-жылдын бюджетинен акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө

Ак-Терек айыл аймагына караштуу Коңур-Өлөң айылынын "Ат-Жайлоо" айылдык ичүүчү суу керектөөчүлөрдүн коомдук бирикмесинин башчысы А.Намазбекованын кайрылуусунун негизинде, Ак-Терек айыл аймагына караштуу Коңур-Өлөң айылынын "Ат-Жайлоо" айылдык ичүүчү суу керектөөчүлөрдүн коомдук бирикмесинин суу түтүктөрү (труба) жарактан чыгып калган үчүн 2026-жылдын бюджетинен акча каражатын бөлүп берүү боюнча Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын корутундусу угулуп, талкууланып, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл аймагына караштуу Коңур-Өлөң айылынын "Ат-Жайлоо" айылдык ичүүчү суу керектөөчүлөрдүн коомдук бирикмесинин суу түтүктөрү (труба) жарактан чыгып калган үчүн 2026-жылдын бюджетинен акча каражатын бөлүп берүү жагы каралсын, берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы К.Абдыраевга милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Т.Ормуковага тапшырылсын.

**Төраганын орун басары** **А.А. Мамбетов**